КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
СОКУЛУК РАЙОНУ
З.КАЙНАЗАРОВА АТЫНДАГЫ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА ИМЕНИ З.КАЙНАЗАРОВОЙ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

14- сентябрь 2024-ж № 8/1 Чат-Кель айылы

**Максаттуу трансферттер жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022 жылдын 11-мартындагы № 137 токтомуна ылайык жана З.Кайназарова атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жумашалиевдин, 2024-жылга республикалык бюджеттен максаттуу трансферт катары келип түшө турган, айыл чарба багытындагы жер салыгынын 1642,4 миң сом акча каражаты жөнүндө маалыматын, айылдык кенештин 28 чакырылышы угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2024 жылга республикалык бюджеттен максаттуу трансферт катары келип түшө турган, айыл чарба багытындагы жер салыгынын 1642,4 миң сом акча каражаты төмөнкү бөлүмдөргө жана беренелерге бөлүштүрүлсүн:

1) **70823 Маданият сарайлары жана үйлөрү, клубдар бөлүмүнүн:**
- 3112 Машиналар жана жабдуулар беренесине 1000,0 миң сом.

2) **70921 Орто мектептер бөлүмүнүн:**
- 3111 Имараттар жана курулуштар беренесине – 642,4 миң сом.

**2.** З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Т.Кожомжарова бул токтомду Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына мамлекеттик тилде каттого жөнөтсүн.

**3.** Ушул токтумдун аткарылышын камсыздоо З.Кайназарова атындагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.К. Жумашалиевге жүктөлсүн.

**4.** Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кенештин бюджет боюнча комиссиясынын төрагасы Т.А. Джурсуналиевге жүктөлсүн.

**Төрага** **И.М. Раимкулов**